ISSN 1561-9516

# ВЕСТНИК ИССЫК-КУЛЬСКОГО УНИВЕРСИТЕТА


40/2015

II часть

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ им. К.ТЫНЫСТАНОВА

# ВЕСТНИК ИССЫК-КУЛЬСКОГО УНИВЕРСИТЕТА



**Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 75-летию Иссык-Кульского государственного университета им. К.Тыныстанова "Гармонизация науки и образования в современных условиях глобализации и [illegible]"**

## № 40

ЧАСТЬ II

Каракол-2015

Социальная педагогика как наука проходит сложный путь своего становления и развития, начиная от осознания учеными и практиками необходимости исследования социальных аспектов образования и воспитания детей до формирования обоснованного иерархического корпуса научного знания, как теоретического фундамента педагогически специализированных направлений социальной практики.

Из всей совокупности признаков научной дисциплины, выделяемых разными учеными-методологами, социальной педагогике присущи: наличие определенных категорий и собственных эмпирических областей, сфера специальной подготовки исследователей и определения профессиональной принадлежности ученых (аспирантура, докторантура), профессиональные институты (ассоциации, союз). Кроме того, оформляется совокупность теорий о природе исследуемой реальности. Вместе с тем, все эти признаки, однако, не сформированы в полном объеме и в полной мере; отсутствует ведущий признак – фиксированный корпус научного знания, отражающий единство дисциплинарного знания и способов действия с ним. Еще не решен в окончательном виде вопрос о месте социальной педагогики в общей системе педагогической науки, хотя уже интенсивно развиваются отдельные научные области внутри самой социальной педагогики. В настоящее время уже стало возможным рассмотрение внутренних (научно-содержательной и научно-дисциплинарной) структур социальной педагогики. Это вызвано тем, что как развитая часть педагогической науки социальная педагогика практически воспроизводит структуру всей науки. В ней выделяются фундаментальные и прикладные разделы, научно-эмпирические (педагогика социального развития личности или социальное воспитание), интегративные (педагогика среды), междисциплинарные (педагогика социальной работы) и комплексные (профессиональное образование в области социальной педагогики) области, научные направления, течения, школы.

Литература:


1. Борисенков В.П. Современная социально-педагогическая теория и практика. //Педагогика, 2006, № 3. – С. 108-113.
2. Бочарова В.Г. Задачи и перспективы развития социальной педагогики в современных условиях.// Обучение социальной работе в России. – М., 1997. – Ч. 1. – 145 с.
3. Бутин Ю. Нужна единая социально-педагогическая система. //Воспитание школьников, 1994, № 2. – С. 88-93.
4. Василенко И.В. Взаимодействие школы и социальной среды микрорайона в воспитательной работе с учащимися: Дисс. ... д-ра пед. наук: 13.00.01. – Киев, 1988. – 223 с.


УДК: 372.8 (575.2) (04)

Табалдиева Ч.Б.

*Кыргыз-Түрк Манас университети*

## ГУМАНИТАРДЫК САБАКТАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

*Экологиялык кризистерди алдын-алуу, адам-табият мамилесин оптималдаштыруу эң оболу гумандуу атуулдарды калыптандыруудан көз каранды. Бул ишти жүзөгө ашырууда гуманитардык сабактардын ролу зор. Сунушталган макалада кыргыз элинин этноэкологиялык дөөлөттөрүнө басым жасалуу менен, жаш муундарды кичинекей жашынан баштап эле экологиялык маданиятка каныктыруу, ишинде пайдалануу маселелери каралды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *гуманитардык экология, этноэкология, этнопедагогика, элдик экологиялык тарбия.*

Экологиялык билим берүү адам баласынын жашоосуна цивилизациялык бузулууларга алып келе турган экологиялык проблемаларды чечүү жолдорун ишке ашыруучу реалдуу инсанды калыптандырууга багытталышы керек. Бул проблема

экологиялык билимдин эң алдыңкы перспективалык багыты, социалдык-экологиялык проблеманы камтып турган гуманитардык экологиянын алкагында жүзөгө ашуучу милдет болуп саналат.

Гуманитардык экология – гуманитардык-экологиялык педагогика (этноэкологиялык, эколого-психологиялык, көркөм-эстетикалык, интерактивдүү-оюндар ж.б) боюнча түрдүү автордук иштелмелерди бириктирген комплекстүү багыт. Гуманитардык-экологиялык педагогика актуалдуу экологиялык маселелерди, жаратылышты сарамжалдуу колдонуу түшүнүктөрүн улуттук салттуу маданияттын алкагында, элдик эмпирикалык билимдердин чегинде чечүүчү ыкма болуп саналат. Гуманитардык экология – бул эл аралык экологиялык кыймыл жана экологиялык педагогиканын жаратылыш менен адамзаттын ортосундагы мамилелеринин маданий, этникалык, психологиялык аспектилерин изилдөөчү гуманитардык илимдердин бир салаасы. Ал дүйнөлүк жаратылыштын жалпы маданияттык критерийин мүнөздөйт. Орустун улуу окумуштуусу К.Д.Ушинский табият жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүүнү адамдын ыймандык сапаттарын өнүктүрүүчү эң маанилүү фактор катары караган. "Жаратылышты окуп-үйрөнүү аркылуу адамды гумандуу кылып өстүрсө болот", - деп белгилеген [4; 93].

Демек, гуманитардык-экологиялык билим, экосистема, биосфера, планетардык процесс жөнүндөгү классикалык билимдердин контексинде, позитивдүү–тарыхый, географиялык жана улуттук экологиялык билимдердин мазмунунан куралат.

Экономиканы модернизациялоо шартында билим берүү жана коом толугу менен бирдиктүү экогуманитардык парадигма болуп калыптануу менен, негизги милдеттери адам менен жаратылыштын ортосунда гармониялык мамилени камсыз кылган инсанды калыптандыруу болуп саналат. Гумандуулуктун баалулуктары тарбияны негизги максат катары карагандыгында жатат. Адам баласынын эң негизги баалулуктары, анын ичинен экологиялык маданият атайын таалим-тарбия аркылуу пайда болот. 90-жылдардын ортосунда Россияда жана КМШ өлкөлөрүнүн маалымат каражаттарындагы дискуссияларда, илимий эмгектерде гуманитардык-экологиялык тематика олуттуу өнүгүшкө ээ болгон. Анын негизинде «Гуманитардык-экологиялык журнал» аттуу атайын журнал негизделген. Ошентип, гуманитардык экология тематикасы боюнча соңку жылдары монография, хрестоматия жана илимий изилдөө проектилеринин жыйынтыктары, билим берүү программалары, экологиялык аң-сезимди калыптандыруу боюнча методикалык комплекстер иштелип чыгып, жылдан-жылга динамикалуу өнүгүп бара жатат. Дүйнөлүк жана жергиликтүү экологиялык кризистик таасир – бул дүйнөлүк көз караштык, философиялык-идеологиялык кризис» - деген түшүнүктөр келип чыкты. Гуманитардык экологдордун оюу боюнча, «экологиялык билим берүүдөгү негизги чече турган маселердин бири-аң-сезимди оңдоо», экологиялык аң-сезимди калыптандырбастан, экологиялык кризистен чыгуу мүмкүн эмес».

Гуманитардык-экологиялык багыттагы эмгектердин катарына Н.Моисеев, Л.И.Василенко, В.Е.Ермолаев, С.Г. Мухачев, С.И. Забелин, С.Н. Глазачев, Т. Шпотов жана О. Трушкиндин («Оюн, гүлдүү экология» ), Ю.С.Чуйковдун, А. Гагариндин жана С.Новиковдун («Адам-жалбырак» программасы), О.Н. Яницкий, С.П. Баньковскийлердин илимий изилдөөлөрүн кошууга болот. Бул багыттагы өтө актуалдуу эл аралык конференциялардан 1999-жылы июнь айында Подмосковьеде өткөн "Маданий жаратылыш жана аны коргоо" аттуу илимий жыйынын атасак болот.

Гуманитардык багыттагы сабактарды экологиялаштыруу зарылдыгы азыркы күндүн талабы болуу менен эле гуманитардык сабактар аркылуу окуучулардын экологиялык аң-сезимдерин калыптандыруу иши эффективдүү ишке аша тургандыгын көптөгөн изилдөөлөр тастыктоодо. Анткени гуманитардык сабактарда окуучуда экологиялык аң-сезимди калыптандырууга негизделген гуманисттик тарбиянын кыйла оптималдуу

каражаттары түптөлгөн. Азыркы учурда мектепте экологиялык билим берүүнүн максаты окуучуларды жаратылышка аяр, кылдат мамиле жасоого, жаратылыш байлыктарын коргоого жана аларды сарамжалдуулук менен пайдаланууга тарбиялоо болуп саналат. Билим берүүнүн заманбап теориясында гуманизация жана гуманитаризация проблемасы алдыңкы идеялардын катарында актуалдашууда. Билим берүүнү гуманизациялоо жана гуманитаризациялоо түшүнүгү бир бүтүн педагогикалык феномен катары XX-кылымдын акырында, КМШ өлкөлөрүндө бүтүндөй элге билим берүү системасын либералдык негизде түптамырынан бери кайра куруу башталганда гана калыптанды. XX-кылымдын 30-жж. тартып окумуштуулар табигый жана гуманитардык илимдерди катаал чектеп ажырата башташты. **Биринчи принципиалдуу айырманы** окумуштуулар таанып-билүүнүн объектиси менен субъектисинин катышынан, жана натыйжа катары, таанып-билинген фактыларды баалоо өзгөчөлүктөрүнөн байкашты. М.С.Каган "О методологическом своеобразии гуманитарного знания" деген макаласында илимдерди дифференциациялоонун баштапкы пункту катары таанып-билүү процессиндеги объект менен субъекттин ортосундагы айырманы карайт. Адатта, адамдын таанып-билүүсү таанып билүүчү субъект менен таанылып-билинүүчү объектини ажыратууга негизделет деп эсептешет. Табигый илимдерде так эле ушундай болот. "Жандуу жаратылыш, органикалык эмес сыяктуу эле, адамдын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнө объект катары кирет: табиятка субъекттүүлүк сапаты тиешелүү эмес. Бул илимдердин өзүнчөлүктүүлүгү… төмөнкүдө, объектилерди үйрөнүү мында… субъект катары адамдардын мүнөздөрүн жана ишмердүүлүгүн таанып-билүү менен, окуяларды субъектилердин эрки менен болгон катары таанып-билүү менен, искусствонун чыгармаларын субъектилердин модели катары таанып-билүү менен айкалышат" [5, 65-б.].

"Гуманитардык илимдерде, - деп жазат Г.Д.Гачев, - билимдин объектиси менен субъектисинин бирдей көлөмдүүлүгү бар, адамдар түзгөн рух жана маданият адамзаттык эле рух жана маданият менен андаштырылат жана мындай таанып-билүү фактысынын өзү адамзат космосундагы, рух менен маданияттын курулушундагы жаңы чыгармачыл акт болот" [10, 34-б.]. Табиятты таанып-билүүдөн айырмаланып, гуманитардык таанып-билүүнүн объектисинин өзүндө субъект берилген. Ф.Шлейермахер «Субъективдүүлүк болсо, түшүнүү аркылуу гана жетишилет» деп бекемдеген. Мындай түшүнүү субъектилердин карым-катнашынын механизми жана продуктусу болот. М.М.Бахтин "субъектини таанып-билүү – карым-катнаш - түшүнүү" чынжырында гана гуманитардык билимдин табигый билимден башкы айырмасы жатаарын белгилеген. "Так илимдер - бул билимдин монологдук формасы: интеллект затка байкоо жүргүзөт жана ал жөнүндө оюн айтат… Бирок субъект ушундайча кабыл алынат жана зат катары иликтене албайт, анткени субъект катары ал өзүнчө пикирсиз болбойт, натыйжада, аны таанып-билүү диалогдук түрдө гана болушу мүмкүн" [2, 61-б]. Г.А.Подкорытовдун эмгектеринде гуманитардуулукту андаштыруунун кылымдар бою топтолгон тажрыйбасын жалпылоо аракети жасалган. Алсак, гуманитардык билимди жана гуманитардык таанып-билүүнү мүнөздөп, окумуштуу минтип жазат: "Гуманитардык билимдин мазмуну адамдын жашоосунун мааниси проблемасы менен байланышкан жана фактыдан мааниге, заттан дөөлөткө, чагылдыруудан түшүнүүгө өтүүнү талап кылат. Гуманитардык таанып-билүү адам болмушун дөөлөттүк-маанилик ыңгайда өздөштүрүүгө багытталат. Ал иликтенип жаткан турмуш чындыгына карата дөөлөттүк мамилеси менен мүнөздөлөт, объектини белгилүү бир социалдык багыттардын позициясынан баалабастан жашай албайт" [6, 107–б].

Инсандык тажрыйбаны билим берүүнүн мазмунунун бирдиги катары бөлүп көрсөтүү гуманитардык илимдерди окутуунун максаттарын жана мазмунун дидактикалык андаштыруу үчүн зор маанилүүлүккө ээ. Жогоруда айтылгандай,

гуманитардык билим предметтик билимдин деңгээлинде гана өздөштүрүлүшү мүмкүн эмес. Гуманитардык илимдерди үйрөнүүнүн максаты окуучуларды бул илимдердин дөөлөттүк-маанилик мазмунуна тартуу болуп саналат. Ал эми маани менен дөөлөттөр фактылык билим катары берилбейт. Аларды инсан тандоо, баштан кечирүү, баалоо процессеринде гана байкап жана өздөштүрө алат. В.Франкл бекемдегендей, дөөлөттөргө «үйрөтүүгө» болбойт, аларды «жашоо» керек. Алар инсандын тажрыйбасында «жаралышы» абзел [8, 87-б]. Бизге Б.С.Цоцонаванын ою да туурадай туюлат, ал минтип жазат: "Дөөлөт өзү заттын сапаты же белгиси катары жашабайт. Ал адам заттардан байкаган, демек байкалганга чейин реалдуу болбогон белгиси же өзгөчөлүгү катары жашайт. Дөөлөт ал байкалгандан кийин гана талашсыз болуп калат. Дөөлөт дайыма баалоо фактысын болжолдойт. Баалоосуз дөөлөт да жок жана болушу да мүмкүн эмес" [4, 87-б].

Адегенде адам баласы өзү жашаган коомду, табиятты, өзүнүн жекече иш-аракетин жана ички дүйнөсүн аңдап таанып, башкача айтканда дүйнөнү практикалык жана руханий жактан өздөштүрөт. Ошондой эле окуучулардын экологиялык маданияты кандай жол менен калыптанарына токтолсок.

Окуучулардын экологиялык маданиятынын калыптаныш процесси эки түрдүү жол менен ишке ашат: мындай маданият адамдын табият менен жекече карым-катышы учурунда да, табигый жана коомдук илимдердин теориялык негиздерин окуп-үйрөнүү аркылуу да жүзөгө ашат. Экологиялык маданияттын калыптанышынын бул эки булагы тууралуу А.П.Сидельковский мындай деп жазган: "Жаратылыш чөйрөсүндөгү ишмердүүлүккө жекече катышуунун натыйжасында пайда болгон билимдер конкреттүү сезимдик мүнөзгө ээ болот. Баёо, реалисттик түрдө болуу менен, алар ошол эле учурда фольклордук, адабий жана башка мотивдер аркылуу туюнтулат. Алар белгилүү даражада инсандын эстетикалык жана ыймандык идеалын түзүшөт. Ошол эле учурда алар илимий билимдерден дагы кескин ажырымдалбайт жана кийинкилерди өзүнө сиңирип отуруп өзүнүн баёолугунан жана жөнөкөйлүгүнөн арыла берет [7, 68-б].
Е.В.Бондаревская гуманисттик парадигмадагы билим берүүнүн глобалдык максаты катары маданият адамын карайт, себеби маданият менен чыгармачылыкты аңдоо аркылуу адам өз руханий дөөлөтүнө ээ болот. Маданият адамы деп ядросун анын гумандуулугун, руханийлщщлщгщн, жашоо жаратмандыгын, эркиндигин аныктаган субъектилик касиеттер түзгөн инсандын тиби түшүнүлөт. Бул инсанга багытталган билим берүү концепциясын культурологиялык деп аныктоого болот [3, 14-б].

Билимдин эки тегинин **экинчи принципиалдуу айырмасы** алардын таанып-билүү методдорунда. Ретроспективдүү анализ табигый жана гуманитардык илимдердеги таанып-билүү методдорунун өзүнчөлүктүүлүгү проблемасы XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында өзгөчө күчтүү талкуулана баштаганын көрсөттү. "Неокантчылык илимий таанып-билүүнүн этикалык аң-сезимге, илимдин мыйзамдарын – дөөлөттүк ориентацияларга, илимий объективдүүлүктү – жеке тажрыйбанын субъективдүүлүгүнө каршы койду". М.М.Бахтиндин оюу боюнча, табигый жана гуманитардык илимдердин ортосундагы айырма биринчилери «түшүндүрүүгө», ал эми экинчилери ал же бул кубулуштарды «түшүнүүгө» чакырылгандыгында жатат. Эгер табият таануу дүйнөнү эмпирикалык фактылардын негизинде себептик-натыйжалык байланыштардын мыйзамы боюнча түшүндүрсө, "рух тууралуу илимдерде" болсо аракеттин максаттары менен мотивдерин интуитивдүү аңдоо, б.а., аларды инсандык тажрыйбанын негизинде түшүнүү башкы орунда турат [2, 28-б]. Т.В.Холостова таанып-билүүнүн бул методун төмөнкүчө баалайт: "түздөн-түз жашоо тажрыйбасы. Мында бул түздөн-түз жашоо тажрыйбасын эки бөлүккө бөлүүгө болот: практикалык максаттарга жетүү методу менен таанып-билүү жана эмоционалдык маанилүү сезим-туюмдардын натыйжасы катары таанып-билүү" [9,25-б]. Табигый жана

гуманитардык илимдердин **үчүнчү айырмасы** зарыл жана жетиштүү маалыматтын көлөмүндө жатат. Так илимдердеги формулаларды, мыйзамдарды колдонуп биз формуланын өзү менен чектелебиз, ой жүгүртүүнүн жүрүшүн, биздин логикалык жүйөөлөрүбүздү баян кылбайбыз. Мунун себеби – кыска жол менен натыйжа алууга, чечим табууга умтулуу. Изилдөөчү-гуманитарийдин алдында башка максат турат. "Бардык гуманитардык илимдер үчүн баштапкы баяндоочу материалдын маанилүүлүгү мүнөздүү: аны ар кандай кыскартып баяндоо маанилүү маалыматты жоготуу коркунучу менен коштолгон" [10, 37-б]. Ошондуктан ар кандай текст гуманитардык таанып-билүүдө маанисин эч качан жоготпой турган мазмунга ээ.

Жогоруда гуманитардык билимдердин экологиялык өзгөчөлүк жана мүмкүнчүлүктөрү белгиленди. Эми ошол гуманитардык багыттардагы билимдердин ичинен жаратылыш менен адамдын байланышын чагылдырууда көркөм адабияттын ролу зор экендигин баса белгилеп кетсек. Дээрлик бардык адабий чыгармаларда жаратылыш же айлана чөйрө адамдардын турмушу менен тыгыз чагылдырылат. Бирок адабият сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууга басым жасалбастан, чыгарма боюнча жалпы гана маалымат алуу менен гана чектелип, табият жөн гана чыгармага көркөм фон берүүчү милдетти аткарууда.

Адабият сабагы аркылуу окуучу ар кандай жомок, макал-лакап, адабий чыгармалар аркылуу элдин кылымдар бою өркүндөп, байып, тарыхый узак жолдо далай иргелип сыналган салттуу экологиялык маданиятын үйрөнүү менен, экологиялык аң-сезимге ээ болушат. Кыргыздын элдик педагогикасынын ар түрдүү булактарын иликтөө элдин экологиялык тарбияга тийиштүү жашоо-тиричиликте тутунган дүйнө таанымдык, этикалык жана эстетикалык идеяларын даана бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Алар төмөндөгү идеялар: адам баласындагы жаратылышка коркунуч туудуруучу эгоизмди басуу, жамаат менен жаратылыш ортосундагы өз ара мамилелерди гармониялаштыруу, жаратылыш атынан ыйманга чакыруу; туулган жерге тартылуу идеясы; жан-жаныбарга, өсүмдүктөргө, табияттын жансыз объектилерине да боорукер болуу, жапайы жырткыч да жакшылыгыңды кайтарат деген гуманисттик идеялар, Асан Кайгынын осуяттары, "Манастагы" табият жана адам тамырлаштыгы жөнүндө көркөм-философиялык концепция); жаратылышка, күйүмдүү, жоопкерчиликтүү болуп, анын байлыктарын сактоо, көбөйтүү, ар кандай табу-чектөөлөр; нанды ыйык азык катары аздектөө, дыйканчылык кесибин урматтоо; эмгекти жана табиятты коргоо ишмердигин ыймандык критерий катары кароо [4, 35-б].

Гуманитардык билимдердин экологиялык тарбия берүүдөгү дагы бир өзгөчөлүгү тигил же бул чыныгы болгон тарыхый окуялар көркөм чыгармалар аркылуу кабыл алынса, бул материалдар адамдардын социологиялык, тарыхый, философиялык түшүнүгүн кеңейтүүгө шарт түзөт. Ошондо эмне үчүн адамдар адеп-ахлактык тарбияны көркөм чыгармалардан көбүрөөк алат, анын мынчалык таасирдүүлүгүнүн табышмагы эмнеде деген суроолордун ажаты дагы тагыраак, тереңирээк ачылат. Гуманитардык сабактардын экологиялык тарбиялык потенциалы канчалык жогору болсо да, өзүнөн өзү эле экологиялык тарбиялык потенциалга ээ боло албайт. Ал үчүн табият жөнүндөгү материалдарды колдонуунун кыйла жетик системасын түзүүдө уланмалуулукту жүзөгө ашыруу; тексттерди жана усулдук аппаратты байытуу; предмет аралык байланышты чыңдоо ж.б.у.с. жолдор менен өркүндөтүү зарыл деп эсептейбиз.

Демек, азыркы учурдагы ааламдашуу процессинде окуучуларда гуманисттик көз карашты калыптандырууда, улуттук дөөлөттөр, элдик билимдер аркылуу жаратылышты коргоо, мекенин сүйүүгө тарбиялоодо гуманитардык предметтердин мүмкүнчүлүктөрүн окуу процессинде колдонуу окуучуларда экологиялык маданиятты калыптандыруудагы эң негизги багыттардын бир болуп эсептелет. Экологиялык кризистен чыгуунун, экологиялык кырсыктарды алдын-алуунун, бирден-

бир каражаты катары гуманитардык экология билим тармагын белгилесек болот. Жогорудагы маалыматтарда белгиленгендей, адамдарды гумандуулукка тарбиялоо менен гана жаратылышты бүлүндүрбөй сактап кала алабыз. Адамзатты, өзгөчө, жаш муундарды гумандуулукка тарбиялоодо гуманитардык билимдердин ролу зор.

Адабияттар:


1. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. - М.,1979 Е., Добродеева И., Коссов Б. //Высшее образование в России, № 4, 1997. - С. 61.
2. Библер В.С. Диалог. Сознание. Культура: Идея культуры в работах М.М.Бахтина. //Одиссей. - М.,1989.
3. Бондаревская Е.В. Гуманистическая парадигма личностно ориентированного образования. //Педагогика: 1997, № 4. - С. 14.
4. Даминова И. Кыргыз эл педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу башталгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо. Автореф. дисс. … канд. пед. наук: 13.00.01. – Бишкек, 2010. – 25 с.
5. Каган М.С. Системный подход и гуманитарное знание: Избранные статьи – Л.: Изд-во Ленинградского университета, 1991. - 384 с.
6. Подкорытов Г.А. От гуманитарного знания к гуманистическому сознанию //Гуманитарное знание. Сущность и функции. Межвузовский сборник. /Под ред. Г.А.Подкорытова. - Изд-во С.-Петербургского ун-та, 1991. - С. 105-115.
7. Сидельковский А.П. Человек и природа. Формирование отношений. – Ставрополь, 1975. – 144 с.
8. Франкл В. Человек в поисках смысла: Сборник. /Пер. с англ. и нем. Д.А.Леонтьева, М.П.Папуша, Е.В.Эйдмана – М.: Прогресс, 1990 – 368 с.
9. Холостова Т.В. Естественнонаучное и социогуманитарное знание: методологический аспект. //Естественнонаучное и социогуманитарное знание: методологические аспекты взаимодействия. Межвузовский сборник. – Л., 1990. - С. 23-35.
10. Эгимбаева Ж.Б. ЖОЖдордун техникалык адистиктеринин студенттеринде кесиптик билим берүүнүн гуманитардык аспектине дөөлөттүк мамилени калыптандыруу (чет тилин окутуу мисалында): Автореф. дисс. канд. пед. наук. 13.00.01. – Бишкек, 2010. – 24 с.


УДК.: 005.336.2:371.132-057.875

Ашырбекова А.С.

*Кыргызский государственный технический университет им. И. И. Раззакова*

## МОДЕЛЬ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ КАК ОРИЕНТИР ДЛЯ ПОДГОТОВКИ СТУДЕНТОВ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ СПЕЦИАЛЬНОСТЕЙ

*Система подготовки педагогов профессионального обучения, их профессионального совершенствования нуждается в целевом ориентире, модели, которая бы в полной мере обеспечивала формирование творческой индивидуальности педагога.*

Система подготовки педагогов профессионального обучения, их профессионального совершенствования нуждается в целевом ориентире, модели, которая бы в полной мере обеспечивала формирование творческой индивидуальности педагога. Проблема моделирования как метода изучения разных объектов природы и общества широко используется в науке, поэтому понятие «модель» приобрело общенаучное значение. Модельные представления создают отраженный аналог, сходство, имитацию своих объектов. Моделирование становится специфическим методом исследования специфично организованных объектов, а модель — средством познания, который основывается на аналогии. Но аналогия не является тождественностью. Несовпадение модели и оригинала (в нашем исследовании —